КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН
I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №22- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2026-жылдын 10-ноябрындагы №160 Оргочор айылы

Эски мектептин имаратын бузуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” Мыйзамынын 34-беренеси жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 13-августундагы №518 токтому менен бекитилген "Эски, авариялык абалдагы имараттарды жана курулмаларды бузуу тартиби жөнүндө" Жобо ылайык, Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Аң-Өстөн айылынын Ы.Сооронбаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин эски имаратына ОсОО “Караколпроектстройдун ” КРИ-1-2 №03497 2020-жылдын техникалык корутундусу бар экени эске алынсын жана бузуга макулдук берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 13-августундагы №518 токтому менен бекитилген "Эски, авариялык абалдагы имараттарды жана курулмаларды бузуу тартиби жөнүндө" Жобо ылайык, комиссиянын чечими менен гана бузуу иштери жүргүзүлөт деп аныкталган. Ушул ченемдик укуктук актынын алкагында иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин “Социалдык маселелер ” боюнча жана кеңешинин “Финансы пландоо. Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **А.Тыныбеков**